«КЭУ» ОИӨКтин
Окумуштуулар кеңеши тарабынан
**БЕКИТИЛГЕН**
20___-ж.________ №____-протоколу
«КЭУ» ОИӨКтин ректору
________ Савченко Е.Ю.
«____» __________________

Кыргыз Республикасынын
Билим берүү жана
Илим министрлиги менен
**МАКУЛДАШЫЛГАН**
______________________
«____» __________________

# «КЫРГЫЗСТАН ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ» ОКУУ-ИЛИМИЙ-ӨНДҮРҮШТҮК КОМПЛЕКСИНЕ КАБЫЛ АЛУУНУН ТАРТИБИ

Бул Тартип **«Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларына кабыл алуунун тартибинин», Жалпы республикалык тест алуунун жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларына абитуриенттерди тандоо жана өткөрүү тууралуу жобонун»** негизинде иштелип чыккан *(Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 27-майындагы №256-токтому (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 19-июнундагы №429-токтомунун редакциясы) мененбекитилген).*

## 1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1.1. «Кыргызстан эл аралык университети» окуу-илимий-өндүрүштүк комплексине 1-курска бакалаврга орто билими же кесиптик орто билими бар жарандар кабыл алынат.

1.2.Магистрди даярдоо программасы боюнча билим берүүгө кесиптик багыт боюнча (бакалавр) базалык жогорку билими жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү диплому же толук жогорку кесиптик билими (адистиги) жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү диплому бар жарандар кабыл алынат.

1.3. Казакстан Республикасынын, Россия Федерациясынын, Беларусь Республикасынын жана Тажикстан Республикасынын жарандары (1999-жылдагы) «Экономикалык жана гуманитардык жааттарда интеграцияны тереңдетүү тууралуу Келишимге катышуучу-мамлекеттердин жарандарына окуу жайларына тапшырууга бирдей укуктарды ыйгаруу жөнүндө» Макулдашуунун алкагында контракттык орундарга тапшырууда Кыргыз Республикасынын жарандары менен бирдей укуктарды пайдаланышат.

1.4. Башка мамлекеттердин жарандарын Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларында окутуу Кыргыз Республикасы мүчө болуп саналган, белгиленген тартип тек үчүнө кирген эл аралык келишимдердин негизинде, ошондой эле билим берүү мекемелеринин же айрым жарандардын арасындагы келишимдердин негизинде ишке ашырылат.

1.5. Абитуриент «Кыргызстан эл аралык университети» окуу-илимий-өндүрүштүк комплексинин уставы, билим берүү ишмердүүлүгүнө берилген лицензиялар жана мамлекеттик, башка аттестациялардын (аккредитациялардын) сертификаттары, кабыл алуунун тартиби, ошондой эле тапшыруу сыноолорунун программалары жана кабыл алууга байланыштуу зарыл болгон башка маалыматтар менен таанышуу укугуна ээ. Окутуунун акы төлөнүүчү формасына кабыл алууда Кабыл алуу комиссиясы тараптардын милдеттенмелери жана укуктары, билим алуу үчүн акы төлөөнүн өлчөмү жана тартиби, билим алуу үчүн акы төлөөдөгү берилүүчү жеңилдиктердин мүмкүнчүлүктөрү менен тааныштырууга милдеттүү.

1.6. Билим алуунун (күндүзгү жана дистанциялык формаларына, андан ары – бардык формаларына жана түрлөрүнө) контракттык түрүнө тапшыруу үчүн негизги критерий абитуриенттин билиминин жана жөндөмүнүн деңгээли болуп саналат. ЖРТ жыйынтыгы (кабыл алуу баллы).

1.7. Бардык абитуриенттер чыгыштегине, жынысына, тилине, социалдык же мүлктүк абалына, улуттук, партиялык тиешелүүлүгүнө, ишенимдерине, диний ишенимине, динге жана орто окуу жайна актаган убакытына карабастан, Кыргыз Республикасынын Конституциясында жана мыйзамдарында белгиленген укуктарды тең укукта пайдаланат.

## 1. ДОКУМЕНТТЕРДИ КАБЫЛ АЛУУ

1.1. Бакалаврга тапшыруу үчүн негизги документтер төмөнкүлөр болуп саналат:

- абитуриенттин жеке арызы, арыз берген мөөнөтү көрсөтүлөт;
- инсандыгынын жана жарандыгын күбөлөндүргөн документ;
- жалпы орто билими же кесиптик орто билими жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документ;
- жалпы республикалык тест алуунун жыйынтыктары жөнүндө тастыкталынган сертификаттын түп нускасы;
- 3х4 см өлчөмүндөгү 6 фотосүрөт;
- аскерге чакырылуучулар үчүн катталуу күбөлүгү же аскер билети;
- эгер абитуриент жеңилдиктерди алгысы келсе, кабыл алуунун тартибинде белгиленген башка документтери.

2.2. Чет элдик жарандар кабыл алуу комиссиясына Кыргыз Республикасынын жалпы орто билими же кесиптик орто билими жөнүндө мамлекеттик документтин эквивалентиндеги билими тууралуу документти көрсөтүүгө тийиш. Документтин эквиваленттүүлүгүн КР Билим берүү жана илим министрлиги аныктайт.

2.3. Тандоо жана өткөрүү КР Билим берүү жана илим министрлигинин уруксаты менен бекитилген мөөнүтүнө ылайык үч турда өткөрүлөт:

I тур - 08 – 13 июль;

II тур - 15 – 20 июль;

III тур - 22 – 27 июль (КР Билим берүү жана илим министрлигинин уруксаты менен).

2.4. Окутуунун контракттык негизине документтерди кабыл алуу жана кирүү сыноолорунун мөөнөтү КРнын билим жана илим министрлигинин бекитилген мөөнөтүнө ылайык өткөрүлөт.

2.5. Абитуриенттер документтерин тапшырууда паспортун же ким экендигин күбөлөндүргөн башка документтерин, ошондой эле билими жөнүндө документин көрсөтөт (ырасталган көчүрмөсүн көрсөтүүгө болот), бирок окууга өткөрүлсө, документтин түп нускасын көрсөтүүгө тийиш.

2.6.Магистратурага тапшыруу үчүн керектелүүчү документтер:

- инсандыгын жана жарандыгын күбөлөндүргөн документ мене жеке арыз;
- дипломдун көчүрмөсү, мамлекеттик үлгүдөгү жогорку билими тууралуу документ, нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн дипломдун көчүрмөсүн;
- 3х4 см өлчөмүндөгү 6 фотосүрөт;
- Паспорттун көчүрмөсү жана ИНН

## 2. КИРҮҮ СЫНООЛОРУ

3.1. Окутуунун бардык формаларында акы төлөтүп окутуу келишими менен абитуриенттерди конкурска өткөрүү жалпы республикалык тест алуунун жыйынтыктары боюнча гана жүргүзүлөт.

3.2. Жалпы республикалык тест алуунун жыйынтыктары боюнча акы төлөтүп окутуу келишими менен орунга конкурс өткөрүүнүн мөөнөтү жана тартиби, абитуриенттерди гранттын эсебинен окутууга тандоонун жана өткөрүүнүн турларынын негизинде өткөрүлөт. Абитуриент акы төлөп окутуу орунуна конкурска катышууга арналган сертификаттын айрым талонун өз каалоосу боюнча пайдаланат.

3.3. «Кыргызстан эл аралык университети» окуу-илимий-өндүрүштүк комплекси чет элдик абитуриенттер үчүн бланктык тест алуу формасында жалпы орто билим берүүнүн стандарттарына ылайык программалар боюнча кирүү сыноолорун өткөрөт. Кирүү сыноолорун өткөрүүнүн мөөнөтүжуниверситеттин бекитилген мөөнөтүнө ылайык өткөрүлөт.

3.4. Контракт менен окууга конкурска катышуу үчүн негизги тест боюнча белгиленген жана андан жогорку балл алган абитуриенттерге уруксат берилет.

3.5. Контракттык негизде окууга Жалпы республикалык тест алуунун жыйынтыктары боюнча сертификатынын түп нускасы бар жана белгиленген баллдан жогорку балл алган абитуриенттер кабыл алынат жана конкурстун негизинде эн жогорку балл алган студенттер кабыл алууга сунушталат.

3.6. Сырттан окуу бөлүмүнө кабыл алуу үчүн өткөрүлө турган конкурстун мөөнөтү, ошонун ичинде дистанттык технологияны колдонуу жолу менен (аралыктын окутуу) жогорку окуу жай тарабынан өз алдынча белгиленет.

Мындан сырткары кошумча предметтик тестти тапшырбаган, бирок негизги тест боюнча өтүүгө мүмкүнчүлүк берген баллы бар абитуриенттер (медициналык адистиктен сырткары) дагы өткөрүлөт. Белгиленген

кесиптерге кабыл алууда предметтик тесттин жыйынтыгы бар абитуриенттер артычылыктарды пайдалануу укугуна ээ боло алышат, калган орундарга негизги тесттин жыйынтыгы боюнча абитуриенттер сунушталат.

3.7.Экинчи жана андан кийинки курстарга, анын ичинде которуу тартибинде кабыл алуу конкурсу жогорку окуу жайы өз алдынча өткөргөн аттестациялык сыноолордун негизинде өткөрүлөт.

3.8. Магистратуранын программалары боюнча окутуу үчүн конкурс жарандардын арызы менен кирүү сыноолорунун жыйынтыктары жана баарлашуу боюнча өткөрүлөт.

## 3. АПЕЛЛЯЦИЯЛЫК КОМИССИЯ

4.1. Кирүү сыноолорун өткөрүү мезгилинде апелляцияларды кароо үчүн «Кыргызстан эл аралык университети» окуу-илимий-өндүрүштүк комплексинин Ректорунун буйругу менен апелляциялык комиссия түзүлөт жана анын төрагасы (төрайымы) шайланат. Төрага (төрайым) болбогон учурда анын милдеттерин төраганын (төрайымдын) орун басары аткарат.

4.2. Апелляциялык кароодон кийин тест алуунун жыйынтыктары жөнүндө апелляциялык комиссиянын чечими чыгарылат.

4.3. Тест алуунун жыйынтыктарын өзгөртүү зарылдыгы болгон учурда апелляциялык комиссиянын чечиминин протоколу түзүлөт, ага ылайык абитуриенттин сынак ишинин жана сынак баракчасында коюлган баасына өзгөртүү киргизилет.

4.4. Каршы пикирлер пайда болгон учурда апелляциялык комиссия добуш берүү аркылуу чечим чыгарат жана анын негизинде жыйынтык бекитилет. Апелляциялык комиссиянын чечиминин протоколу абитуриентке билдирилет (кол койдуруу аркылуу).

## 4. КАБЫЛ АЛУУ

5.1. Абитуриенттин билими тууралуу документинин түп нускасы же анын дубликаты болгондо гана Кабыл алуу комиссиясы абитуриентти окутуунун бардык формаларында студенттик катарына өткөрөт.

5.2. Окутуунун күндүзгү формасына Жалпы республикалык тест алуудан ийгиликтүү өткөн же окуу башталарга 5 күн калгандан кечикпей кирүү сыноолорун ийгиликтүү тапшырган абитуриенттер өткөрүлөт.

5.3. Окутуунун бардык формаларына негизги тест боюнча белгиленген баллдан жогору баллга ээ болгон абитуриенттерге конкурска катышууга уруксат берилет. Конкурстук шартта өткөн абитуриент (бирдей баллга ээ болгондо) эң жогорку кошумча балл алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болот.

5.4. «Кыргызстан эл аралык университети» окуу-илимий-өндүрүштүк комплексине өткөрүүгө сунушталган адамдар билими тууралуу документинин

түп нускасы бар болсо, окуунун биринчи жылына акы төлөшөт, андан кийин окууга өткөрүлгөндүгү жөнүндө буйрук чыгарылат.

## 5. ЖЕҢИЛДИКТЕР

6.1. Жакшы баага ылайык баллы болсо, акы төлөп окууга конкурстан тышкары өткөрүлөт:

- балдар – тоголок жетим балдар жана ата-энесинин багуусуз калган (үстүдөгү жылдын 1-октябрына 18ге толгон) балдар;
- медициналык-социалдык экспертизанын корутундусу боюнча тандап алган адистиги боюнча жогорку окуу жайында окуу зыян келтирбеген 1- жана 2-топтогу майыптар;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленген жеңилдиктерге ээ болгон, Кыргыз Республикасынын жарандарынын башка категориялары.

## 6. КАБЫЛ АЛУУ КОМИССИЯСЫ

7.1. Студенттерди кабыл алууну уюштуруу үчүн «Кыргызстан эл аралык университети» окуу-илимий-өндүрүштүк комплексинин ректору тарабынан абитуриенттердин кирүү сыноолорунун сапатын жана объективдүүлүгүн камсыздоо жана абитуриенттерге зарыл болгон маалыматтарды берүү үчүн Кабыл алуу комиссиясы түзүлөт. Кабыл алуу комиссиясынын төрайымы - «Кыргызстан эл аралык университети» окуу-илимий-өндүрүштүк комплексинин ректору Савченко Е.Ю., кабыл алуу комиссиясынын жоопту секретары - окуу бөлүм башчысы Ибраева А.Т.

7.2. Апелляциялык жана Кабыл алуу комиссияларынын негизги милдети Кыргыз Республикасынын Конституциясында, Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамында белгиленген, жарандардын билим алуу укуктарын сактоону, ошондой эле кабыл алуунун бардык процедураларынын айкындуулугун камсыздоо болуп саналат.

7.3.Апелляциялык жана Кабыл алуу комиссияларынын ыйгарым кызмат мөөнөтү календарлык бир жылды түзөт.

7.4. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине отчёт берүүнүн мөөнөтү 2019-жылдын 25-августуна чейин.

7.5. Кабыл алуу комиссиясынын төрайымы абитуриенттерди кабыл алуу планынын аткарылышына, лицензиялык талаптар боюнча контингенттин сакталышына, жана ошондой эле жожго кабыл алууда нормативдик жоболордун сакталышына жооптуу. Мындан тышкары кабыл алуу комиссиясынын жана апелляциялык комиссиянын жоопкерчиликтерин, кабыл алуу иш тартибин аныктайт.